**Расмий тилден мамлекеттик тилге которулган**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 11-февралындагы № 04-о аныктамасына жаран Токтобүбү Тентиевна Таласбаеванын жана Жекшенбек Орозбекович Сабыралиевдин даттануусун канааттандыруусуз калтыруу жөнүндө

## ТОКТОМУ

2015-жылдын 23-апрели Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу – судья М.Ш. Касымалиев, судьялар – Ч. А. Айдарбекова, М. Р. Бобукеева, Э. Т. Мамыров, А. О. Нарынбекова, Э. Ж. Осконбаев, Ч. О. Осмонова, К. С. Сооронкулованын курамында, соттук отурумдун катчысы М.Э. Толобалдиевдин катышуусунда, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28-беренесенин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, соттук отурумда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 11-февралындагы № 04-о «Т. Т. Таласбаеванын жана Ж. О. Сабыралиевдин «Күрөө жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 59-беренесинин 2-пунктунун 1-пунктчасынын, 60, 61-беренелеринин жана «Кыргыз

Республикасындагы бейтарап соттор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 38-беренесинин конституциялуу эмес деп таануу жөнүндө кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» аныктамасына жаран Т. Т. Таласбаеванын жана Ж. О. Сабыралиевдин даттануусун карады.

Даттанууда келтирилген жүйөлөрдү, Т. Т. Таласбаеванын жана Ж. О. Сабыралиевдин өтүнүчү боюнча иштин материалдарын изилдеп чыгып,

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**ТАПТЫ:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2015-жылдын 10-январында жарандар Т.Т. Таласбаеванын жана Ж.О. Сабыралиевдин «Күрөө жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 59-беренесинин 2-пунктунун 1-пунктчасы, 60, 61-беренелери жана «Кыргыз Республикасындагы бейтарап соттор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 38-беренеси конституциялуу эмес жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 12-беренесинин 2-пунктунун 1, 2, 3-пунктчаларына карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Талашылып жаткан мыйзамдардын ченемдик жоболору, атап айтканда Кыргыз Республикасынын «Күрөө жөнүндө» Мыйзамынын 59-беренесинин 2-пунктунун 1-пунктчасынын жана 60, 61-беренелеринин ченемдик жоболору, сот тартибинен тышкары күрөө менен камсыздалган анын талаптарын канааттандыруу жөнүндө күрөө кармоочу менен макулдашуу түзүүнү, өндүрүп алууну күрөөнүн жүйөсүнө айлантуунун соттон тышкаркы тартиби жана соттон тышкаркы тартипте өндүрүп алууну айлантуунун жол-жобосуна тийиштүү күрөө жүйөсүн күрөө кармоочуга өткөрүп берилишин караштырат, ал эми «Кыргыз Республикасындагы бейтарап соттор жөнүндө»

Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 38-беренеси бейтарап соттогу талаштарды кароо менен байланышкан чыгымдарды бекитет.

Арызданууучулардын оюу боюнча, мыйзамдардын талашылып жаткан ченемдери банктар, насыя мекемелери жана пайыздык негизде насыя берүүнү жүргүзгөн жарандар мыйзамдардын талашылып жаткан ченемдерин кыянаттык менен пайдалануу менен кыймылсыз мүлктөрдү соттук териштирүүсүз эле тартып алууга өбөлгө түзүп берди, ошол эле учурда Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 12-беренесинин 2-бөлүгүнүн биринчи абзацы, менчик ээсинин эркинен тышкары мүлктү алып коюуга соттун чечими менен гана жол берилет деп белгилейт.

Арызданууучулар Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин жокко чыгаруучу же кемсинтүүчү мыйзамдар кабыл алынбашы керек деп белгилешти. Конституциянын белгиленген жоболоруна карабастан жана жарандардын кызыкчылыктарын эске албастан, өндүрүп алууну күрөөнүн жүйөсүнө айлантуунун соттон тышкаркы тартибине жана жарандардын мүлкүнүн кол тийбестик укугун кемсинтүүгө жол берген мыйзам жоболору кабыл алынган.

2015-жылдын 11-февралында Конституциялык палатанын судьялар коллегиясы А. О. Нарынбекова, Э. Т. Мамыров, Ч. О. Осмонованын курамында, төмөнкү негиздер боюнча кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктама кабыл алган.

Арызданууучулардын өтүнүчүндө коюлган Кыргыз Республикасынын «Күрөө жөнүндө» Мыйзамынын 59-беренесинин 2-пунктунун 1-пуктчасынын жана 60, 61-беренелеринин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө талаптары өзүнүн маанилик мазмуну боюнча Е. В. Осинцевдин талаптары менен окшош, анын өтүнүчү Конституциялык палатада 2013-жылдын 23-декабрында каралган. Конституциялык палатанын кабыл алган чечиминде, келишимдик милдеттенмелерден келип чыккан жарандык-укуктук мамилелерге карата колдонгондо, мүлктөн негизсиз ажыратууга

тыюу салуу жөнүндө конституциялык белгилөөлөр тике жана кыйыр түрдө жарандык-укуктук жөнгө салгычтар аркылуу колдонушат деп белгиленген. Мындай жөнгө салгычтардын бири болуп, Жарандык кодекс эсептелет, ал текшерилүүчү ченемде (282-берене) жогоруда көрсөтүлгөн мүлктөн негизсиз ажыратууга жол бербөө жөнүндө конституциялык жоболорду иш жүзүнө ашырган.

Мындан сырткары, сот тартибинен тышкары күрөө менен камсыздалган анын талаптарын канааттандыруу жөнүндө күрөө кармоочу менен макулдашуу түзүүсү үчүн Кыргыз Республикасынын «Күрөө жөнүндө» Мыйзамынын талашылып жаткан ченемдери менен милдеттүү нотариалдык тариз каралган, «Нотариат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 48-беренесине ылайык, нотариус тараптарга алар сунуш кылган бүтүмдөрдүн долбоорунун маани-мазмундарын түшүндүрүүгөө жана анын мазмуну тараптардын чыныгы ниетине ылайык келээрин жана мыйзамдын талаптарына каршы келбестигин текшерүүгө милдетүү экендигин түшүндүрүп турат.

Конституция ар ким экономикалык эркиндикке ээ, өз жөндөмдүүлүгү менен мүлкүн мыйзам менен тыюу салынбаган ар кандай экономикалык ишмердүүлүк үчүн эркин колдонуу укугун белгилейт (42-берененин 2-бөлүгү). Менчик ээлеринин өз укуктарын ишке ашыруунун чектери жана тартиби, аларды коргоонун кепилдиктери мыйзам менен аныкталат (12-берененин 6-бөлүгү).

Жалпы кабыл алынган жеке менчиктин кол тийбестигинин конституциялык принциптери жана жарандык-укуктук мамилелердин катышуучуларынын теңдигин, эркинин автономиялуугун жана мүлктүк өз алдынчалыгын болжолдогон келишим эркиндиктери, жеке иштерге кимдир-бирөөнүн зомбулук менен кийлигишүүсүнө жол бербөө өзүнүн мүлкүнө ээ болуу, пайдалануу жана тескөө эркиндигин шарттайт. Бул, менчик ээси өзүнө таандык мүлккө карата мыйзамга каршы келбеген, жана башка жактардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузбаган ар кандай

аракеттерди жасоого укуктуу экендигин түшүндүрөт, анын ичинде менчик ээсинин кыймылсыз мүлк объектилерине кирген мүлктүн эсебинен өзүнүн жарандык-укуктук милдеттерин аткаруу мүмкүндүгү да кирет.

Мүлктү ээ болуу, пайдалануу жана тескөө боюнча ыйгарымдардын чеги мыйзам менен орнотулат (Конституциянын 12-березенин 6-бөлүгү).

Ошентип, мүлктүн ээси мыйзамга каршы келбеген экономикалык ишмердүүлүк менен колдонууга, өз жөндөмдүүлүгү менен өзүнүн жеке менчиги болуп саналган мүлктү пайдаланууга, анын ичинде мүлктү ажыратууга, мүлктү колдонууга жана ээ болууга укукту берүүгө, ошондой эле ал мүлктүн эсебинен өзүнүн жарандык-укуктук милдеттерин аткарууга укуктуу. Ушуга ылайык, менчик ээси мыйзамда каралган же каралбаган (келишим эркиндигинин принциби) мындай келишимдин маанисинен жана мазмунунан келип чыккан, өзүнө бекитилген жарандык-укуктук милдеттердин мүмкүн болгон кесепеттери үчүн жоопкерчилик тартат, алар тараптардын эркининин автономиялуулугун жана теңдигинин негизинде түзүлгөн.

Жарандык-укуктук милдеттерди аткарбай коюуу мыйзам менен бекитилген жарандык-укуктук жоопкерчиликке алып келет, ал өзүнө менчик ээсинин мүлкүн насыя берүүчүнүн пайдасына мажбурлап тартып алууну да камтыйт. Менчик ээсинин милдеттенмелери өндүрүп алуу жолу менен мүлктү алып коюу мыйзамда каралган мүлккө болгон менчик укугун токтотуу учуру болуп саналат жана мүлктү негизсиз ажыратуу катары каралбайт.

Судьялар коллегиясы, Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен мамлекетке адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндигин коргоонун соттон тышкары усулдарын, түрлөрүн жана ыкмаларын өнүктүрүү жүктөлгөнүн (40-березенин 1-бөлүгү) жана «Кыргыз Республикасындагы бейтарап соттор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы Конституциянын жоболорун ишке ашырууга багытталганын белгилеп кетти. «Кыргыз Республикасындагы бейтарап соттор жөнүндө» Кыргыз

Республикасынын Мыйзамы соттон тышкаркы органдарды түзүү тартибин аныктайт, ошондой эле талаш-тартыштарды чечүү жагындагы алардын ишин жөнгө салат.

Бейтарап териштирүүнүн негизги принциптери болуп мыйзам жана бейтарап соттун алдында тараптардын теңдиги, бейтарап соттун чеминин аткарылышынын далилтартыштыгы жана милдеттүүлүгү болуп саналат.

Ушул мыйзам тараптардын, жарандык укук мамилелеринен келип чыккан талаш-тартыштарды бейтарап соттун кароосуна берүү боюнча макулдашуусунан кийин гана колдонулат. Бул учурда бейтарап макулдашуу келишимде арбитраждык эскертме катары жол-жоболоштурулушу мүмкүн, ал келишимдин курамдык бөлүгү болуп эсептелет, же өз алдынча макулдашуу түрүндө түзүлүшү мүмкүн.

Бул учурда судьялар коллегиясы менен, өтүнүчтө, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 25-беренесинин 3-бөлүгүнүн 9-пунктунун талабына карабай, «Кыргыз Республикасындагы бейтарап соттор жөнүндө» мыйзамынын талашылып жаткан ченеминин конституциялуу эместигине болгон укуктук негиздеме жок деп көрсөтүлгөн.

Конституциялык палатанын судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 11-февралында № 04-0 кабыл алган аныктамасы менен макул болбогондугун билдирип, жаран Т.Т. Таласбаева жана Ж.О. Сабыралиев 2015-жылдын 20-мартында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттануу менен кайрылышкан.

Өзүнүн даттануусунда, Т.Т. Таласбаева жана Ж.О. Сабыралиев, «Күрөө жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 59-беренесинин 2-пунктунун 1-пунктчасы жана 60, 61-беренелери жана «Кыргыз Республикасындагы бейтарап соттор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 38-беренелери, банктар, насыя мекемелери жана пайыздык негизде насыя берүүнү жүргүзгөн жарандар, мыйзамдардын талашылып жаткан ченемдерин кыянаттык менен пайдалануу менен, кыймылсыз

мүлктөрүн соттук териштирүүсүз эле тартып алууга өбөлгө түзүп бергендигин кайталап эскертишти, ошол эле учурда Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 12-беренесинин 2-бөлүгүнүн биринчи абзацы, менчик ээсинин эркинен тышкары мүлктү алып коюуга соттун чечими менен гана жол берилет деп белгилейт. Бул учурда, арыз ээлери берилген даттануусунда, күрөө предметин өндүрүп алуунун соттон тышкары тартибинде колдонулуучу насыя макулдашууларындагы шарттар боюнча талаш-тартыштар жөнүндө сот практикадан мисалдарды келтиришет.

Буга байланыштуу, арыз ээлери, мыйзамдардын талашылып жаткан ченемдеринин конституциялуулугун кароого негиз бар деп эсептешет. Бул негизде жарандар Т. Т. Таласбаева жана Ж. О. Сабыралиев, Конституциялык палатанын судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 11-февралындагы № 04-о аныктамасын жокко чыгарууну жана алардын өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алууну суранышат.

Конституциялык палата арызданууучулардүн жүйөлөрүн талкуулап жана судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө коюудан баш тартуу жөнүндөгү негиздемелерди карап чыгып, төмөнкү тыянактарга келди.

Арыз ээлеринин Кыргыз Республикасынын «Күрөө жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 59-беренесинин 2-пунктунун 1-пунктчасынын жана 60, 61-беренелеринин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө талаптары өзүнүн маанилик мазмуну боюнча Е.В. Осинцевдин талаптары менен окшош, алар Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын кароонун предмети болгон.

Конституциялык палатанын 2013-жылдын 23-декабрындагы чечимине ылайык, Е. В. Осинцевдин өтүнүчү боюнча, келишимдик милдеттенмелерден келип чыккан жарандык-укуктук мамилелерге карата колдонгондо, мүлктөн негизсиз ажыратууга тыюу салуу жөнүндө конституциялык белгилөөлөр тике жана кыйыр түрдө жарандык-укуктук жөнгө салгычтар аркылуу колдонушат. Мындай жөнгө салгычтардын бири болуп, Жарандык кодекс эсептелинет, ал текшерилүүчү ченемде (282-берене) жогоруда көрсөтүлгөн мүлктөн негизсиз

ажыратууга жол бербөө жөнүндө конституциялык жоболорду иш жүзүнө ашырган.

Мүлктүн ээси мыйзамга каршы келбеген экономикалык ишмердүүлүк менен колдонууга, өз жөндөмдүүлүгү менен өзүнүн жеке менчиги болуп саналган мүлктү пайдаланууга, анын ичинде мүлктү ажыратууга, мүлктү колдонуу жана ээ болуу укугун берүүгө, ошондой эле ал мүлктүн эсебинен өзүнүн жарандык-укуктук милдеттерин аткарууга укуктуу. Буга ылайык, менчик ээси мыйзамда каралган же мындай каралбаган (келишим эркиндигинин принциби) келишимдин маанисинен жана мазмунунан келип чыккан, өзүнө бекитилген жарандык-укуктук милдеттердин мүмкүн болгон кесепеттери үчүн жоопкерчилик тартат, алар тараптардын эркининин автономиялуулугун жана теңдигинин негизинде түзүлгөн.

Жарандык-укуктук милдеттерди аткарбай коюу мыйзам менен бекитилген жарандык-укуктук жоопкерчиликке алып келет, ал өзүнө менчик ээсинин мүлкүн насыя берүүчүнүн пайдасына мажбурлап тартып алууну да камтыйт. Менчик ээсинин милдеттенмелери өндүрүп алуу жолу менен мүлктү алып коюу мыйзамда каралган мүлккө болгон менчик укугун токтотуу учуру болуп саналат жана мүлктү негизсиз ажыратуу катары каралбайт.

Арыз ээлери, өз даттануусунда өтүнүчтө айтылгандай эле, бейтарап соттогу талаш-тартышты кароого байланышкан чыгымдарды орнотуучу «Кыргыз Республикасындагы бейтарап соттор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 38-беренеси Конституциянын 12-беренесинин 2-пунктунун 1, 2, 3-пунктчаларына карама-каршы келет деп көрсөтүштү.

Конституциялык палата, судьялар коллегиясы талашылып жаткан ченем Конституциянын жоболорун жүзөгө ашырууга багытталган деп эсептейт, анда негизги Мыйзам менен мамлекетке адамдын жана жарандын укуктары менен жана эркиндигин коргоонун соттон тышкары усулдарын, түрлөрүн жана ыкмаларын өнүктүрүү жүктөлгөн (40-берененин 1-бөлүгү),

жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 25-беренесинин 3-бөлүгүнүн 9-пунктунун талаптарына карабай, «Кыргыз Республикасындагы бейтарап соттор жөнүндө» мыйзамынын талашылып жаткан ченемдеринин конституциялуу эместигинин укуктук негиздемеси жоктугу да негизделген болуп саналат.

Ошентип, Конституциялык палата судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 11-февралындагы № 04-о «Т. Т. Таласбаеванын жана Ж. О. Сабыралиевдин «Күрөө жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 59-беренесинин 2-пунктунун 1-пунктчасынын, 60, 61-беренелеринин жана «Кыргыз Республикасындагы бейтарап соттор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 38-беренесинин конституциялуу эмес деп таануу жөнүндө кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» аныктамасын жокко чыгарууга негиз тапкан жок.

Жогорулардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 47-беренесин, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Конституциялык палатасы

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Жарандар Токтобүбү Тентиевна Таласбаева жана Жекшенбек Орозбекович Сабыралиевдин Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 11-февралындагы № 04-о «Т. Т. Таласбаеванын жана Ж. О. Сабыралиевдин «Күрөө жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 59-беренесинин 2-пунктунун 1-пунктчасынын, 60, 61-беренелеринин жана «Кыргыз Республикасындагы бейтарап соттор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 38-беренесинин конституциялуу эмес деп таануу жөнүндө

кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» аныктамасына келтирилген даттануусу канаттандыруусуз калтырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын токтому акыркы жана даттанууга жатпайт, кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**

Бул токтом боюнча судья Э.Ж. Осконбаевдын өзгөчө пикири бар (төмөндөгүнү караңыз).

# Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2015-жылдын 23-апрелиндеги «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 11-февралындагы № 04-о аныктамасына жарандар Токтобүбү Тентиевна Таласбаеванын жана Жекшенбек Орозбекович Сабыралиевдин даттануусун канааттандырылуусуз калтыруу жөнүндө» токтому боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьясы Э. Ж. Осконбаевдин

# Ө З Г Ө Ч Ө   П И К И Р И

*«Жарандык-укуктук милдеттерди аткарбай коюу мыйзам менен бекитилген жарандык-укуктук жоопкерчиликке алып келет, ал өзүнө жеке менчик ээсинин мүлкүн насыя берүүчүнүн пайдасына мажбурлап тартып алууну да камтыйт. Жеке менчик ээсинин милдеттенмелери өндүрүп алуу жолу менен мүлктү алып коюу мыйзамда каралган мүлккө болгон менчик укугун токтотуу учуру болуп саналат жана мүлктү негизсиз ажыратуу катары каралбайт»* деп талкуулоо маңызы боюнча, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы айрым конституциялык баалуулуктардан четке чыгууга жана менчик ээсинен тиешелүү сот актысы жок мүлктү алып коюуга жол берилет деп эсептейт дегенди түшүндүрөт.

Арыз ээси, банктар, насыя мекемелери жана пайыздык негизде насыя берүүнү жүргүзгөн жарандар мыйзамдардын талашылып жаткан ченемдерин кыянаттык менен пайдаланып, кыймылсыз мүлктөрдү соттук териштирүүсүз эле тартып алууга өбөлгө түзүп берди деп негиздүү эсептейт, ошол эле учурда Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 12-беренесинин 2-

бөлүгүнүн биринчи абзацы, менчик ээсинин эркинен тышкары мүлктү алып коюуга соттун чечими менен гана жол берилет деп белгилейт.

«Күрөө жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талашылып жаткан ченемдеринин мазмунуна караганда, соттон тышкары тартипте, анын ичинде келишимдин негизинде күрөө предметин өндүрүп алуунун ар кандай формалары каралган. Анын үстүнө, кеп жарандык-укуктук милдеттенмелерди аткаруунун эсебинен күрөө предметин ыктыярдуу берип коюу жөнүндө болгон жок, тагыраак айтканда, мажбурлап өндүрүп алуу, башкача айтканда, менчик ээсинин мүлкүн алып коюу жөнүндө болуп жатат. Ошону менен, мыйзам чыгаруучу тарабынан сот актысы жок мүлктү мажбурлап алып коюунун өзгөчө учурлары жөнүндө конституциялык мыйзамдар факты жүзүндө кеңейтилди.

Жалпысынан, көйгөй мүлктү алып коюу учурунда менчик ээсинин эркинин бардыгын түшүнүүдөгү жаңылыштыкта болуп жатат.

*«Мүлктүн менчик ээси өз жөндөмдүүлүгү менен өзүнүн жеке менчиги болуп саналган мүлктү пайдаланууга, анын ичинде мүлктү ажыратууга, мүлктү колдонууга жана ээ болууга укукту берүүгө, ошондой эле ал мүлктүн эсебинен өзүнүн жарандык-укуктук милдеттерин аткарууга укуктуу. Буга ылайык, менчик ээси келишимдин маанисинен жана мазмунунан келип чыккан, өзүнө бекитилген жарандык-укуктук милдеттердин мүмкүн болгон кесепеттери үчүн жоопкерчилик тартат...»* далилдеп, ошону менен Конституциялык палата, менчик ээси менен насыя келишимине жана күрөө жөнүндөгү келишимге кол коюлган учурда берген макулдугу андан кийин боло турган кесепеттердин бардыгына берген, анын ичинде мүлкүн мажбурлап алып коюу да бар, менчик ээсинин эрки болуп саналат.

Мындай укуктук позициянын жаңылыштыгы айкын, анткени келишимге кол коюлган учурда мүлктүн ээси башка максатка жетүү менен гана алек - ал насыя ресурсун алууну гана көздөйт жана бул учурда келип чыккан жарандык-укуктук милдеттенмелер андан милдеттүү түрдө мүлкүн алып коюуга алып келээрин алдын ала болжолдой албайт. Күрөө шарты бул

учурда милдеттүү акча милдетин камсыз кылуу боюнча талапты аткаруу катары гана каралат. Ошондуктан, мүлктүн менчик ээсинин талашылып жаткан ченемдер менен бекитилген мүлктү өндүрүп алуунун соттон тышкары формасына макул болушу эч убакта анын эркинин автономиялуулугун пайда болушу катары каралбайт.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 12-беренесине ылайык улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын ден соолугун жана адеп-ахлагын сактоо, башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо максатында соттун чечимисиз мүлктү алып коюуга мыйзамда каралган учурларда гана жол берилет. Мындай алып коюунун мыйзамдуулугу сот тарабынан милдеттүү түрдө каралууга тийиш. Аталган учурлар толук мүнөзгө ээ жана кеңири талкуулоого жатпайт. Адамдын фундаменталдык укуктары менен эркиндиктерин чектөөгө жол берүү жөнүндө айтып жатып, Конституция жогоруда аталган максаттарга шайкеш өзгөчө жагдайларды түшүндүрөт. Карызкордун жарандык-укуктук милдеттенмелерин аткарууга байланыштуу келип чыккан насыя берүүчүнүн талап кылуу укугу мындайга эч убакта кирбейт жана соттук коргоого болгон укукту ишке ашыруу катары жүзөгө ашырылышы керек.

Ошондой эле, токтом корутундулар жана укуктук позициялар, анын ичинде арыз ээлеринин жокко чыгарган далилдери менен толукталган, алар жыйынтыктоочу чечимдин жүйөөлүү бөлүгүндө гана бар жана кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу баскычта жол берилбейт деп белгилей кетүү керек. Андан тышкары, «Күрөө жөнүндө» мыйзамдын талашылып жаткан ченемдерин жаран Е. В. Осинцевдин кайрылуусуна байланыштуу иште каралгандан башкача көз караште баалоого тийиш.

**Судья** **Э. Ж. Осконбаев**